**БЕКИТЕМ**
**ОшБИнин директору:**
**_________ Г.Турдубаева**
**«___» ________ 2025-жыл**

# «МЫКТЫ САБАК» СЫНАГЫН ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОБО

## 1.Жалпы жобо

Жобо билимин өркүндөтүү курстарынын угуучуларынын өз ишинде ийгиликтүү колдонуп жүргөн алдыңкы педагогикалык тажрыйбалары боюнча уюштуруп өткөрүү иштерин жөнгө салат.

**2.Сынактын максаты жана милдеттери:**

-АИТны изилдөө, үйрөнүү, жалпылоо жана жайылтуу;

-Мугалимдерге моралдык колдоо жана түрткү берүү;

-Курс угуучуларынын алдыңкы тажрыйбаларын жайылтылуусуна шарт түзүү.

**3.Сынакты өткөрүү тартиби:**

-Сынакка бардык каалоочу курс угуучулары катышууга укуктуу;

-Сынакты уюштуруп өткөрүү уюштуруу тобу тарабынан ишке ашырылат;

-Сынакка ар бир курстан (группадан) эң мыкты деп табылган эмгек сунушталат;

-Сынак уюштурулган курстардын экинчи аптасынын шаршемби күнү өткөрүлөт;

-Сынакка катышуучу сабактын фрагментин 5-7 минут аралыгында презентациялайт;

-Сынакка сунушталган эмгектер төмөнкү критерийлер боюнча бааланат:

1. Иштелмеси жана презентациясы (эстетикалык жагы, туура жазылышы);
2. Максатынын коюлушу, сабаттуулугу;
3. Сабактын актуалдуулугу;
4. Усулдун колдонуу ыңгайлуулугу;
5. Көрсөтмөлүк, натыйжалуулугу;
6. Педагогдун чеберчилиги;
7. Курстун активдүүлүгү;
8. Убакытты туура пайдалануусу.

Scanned with CamScanner

**4. Жеңүүчүлөрдү аныктоо жана сыйлоо**

-Сынактын катышуучуларынын ишин атайын түзүлгөн калыстар тобу баалайт;

-Калыстар тобу сынак учурунда курсу жок кызматкерлерден түзүлөт;

-Калыстар тобунун мүчөлөрү бири-бирине көз каранды эмес негизде иштешет;

-Калыстар тобунун эң жогорку упайын алган катышуучулар жеңүүчү деп табылат;

-Жеңүүчүлөр ОщБИнин I, II, III даражадагы дипломдору же Ардак Грамоталары менен сыйланышат.

Scanned with CamScanner